# «БИЗ – XXI КЫЛЫМДЫН ИНТЕЛЛЕКТУАЛДАРЫБЫЗ» ЭЛ АРАЛЫК КОНКУРСУНА ТАБЫШТАМАНЫН ФОРМАСЫН ТОЛТУРУУ ҮЧҮН

# НУСКАМА

«Биз – XXI кылымдын интеллектуалдарыбыз» конкурсунун жобосуна ылайык:

- Конкурска катышууга табыштама берүү укугу Бишкек жана Ош шш. областтык билим берүү органдарына, башкармалыктарына, ЖОЖдоруна, жеринде акыркы 3 тандоо турунун жыйынтыгы боюнча кесиптик техникалык билим берүүнүн агенттигине берилет.
- Шаардан, областтан, ЖОЖдон табыштама **бир** эле ирет толтурулат, конкурстун бардык номинациялары боюнча катышуучулары киргизилет:
  - жаңы теориялык иштелмелер жана моделдер;
  - приборлор, радиожабдуулар жана телекоммуникациялык системалар;
  - энергия жана энергия сарамжалдоочу технологиялар;
  - маалыматтык технологиялар жана программалоо;
  - робототехника жана автоматташтырылган технологиялар;
  - шахматтык турнир;
  - окуучулардын астрономиялык турнири.
- Табыштамада бир долбоордо бир автор көрсөтүлөт, ошол адам конкурска келет. Эгерде **долбоор катышуучулардын тобу менен аткарылган болсо** (3төн ашуун болбоого тийиш) табыштамада бардык катышуучулар көрсөтүлөт. Мында, бир катышуучу катары автор (негизи), калгандары (авторлоштору) – кошумча катары саналат. Долбоордун катышуучуларынын кимиси негизги болуп эсептелсе, аймактык команданы түзүүдө жеринде кимдер кошумча болорун чечишет. Кошумча киргизилген катышуучулар, конкурска келген учурда, бардык чыгымдарды өз алдынча төлөшөт. Кошумча чыгымдардын наркын кийинки телефон аркылуу билүүгө болот (0312)315847.
- Табыштама баш тартылышы мүмкүн, ага төмөнкүдөй себептер негиз болот:
  - Конкурстун катышуучуларынын аттары жана фамилиялары, алар окуган классы толугу менен көрсөтүлгөн эмес;
  - Долбоордун темасы көрсөтүлгөн эмес же керектүү файлдар жок («Кыскача аннотация» жана долбоордун «Презентациясы») же бул файлдар жеткиликтүү эмес же файлдар ачылбай жатат;
  - Долбоор жарыяланган номинацияга туура келбейт

1) Төмөнкү дарек боюнча жайгашкан табыштамалардын формасынын бетин ачкыла:
   Орус тили: https://rdita.kg/forms/index.php?form=intellect-rus
   Кыргыз тили: https://rdita.kg/forms/index.php?form=intellect-kyr

2) Табыштаманы толтуруу 3 кадамдан турат. **Биринчи кадамда** табыштаманын өзүнүн формасын толтуруу сунушталат; **экинчи кадамда** – киргизилген маалыматтарды тыкыр текшерип чыгуу, көчүрүп алууга файлдар менен шилтемелердин жеткиликтүүлүгүн текшерүү; **үчүнчү кадам** – жыйынтыктоочу.
3) Табыштаманын формасын толтуруу.

**№1 КАДАМ**

Табыштаманын формасы шарттуу түрдө 2 бөлүккө бөлүнгөн: 1-бөлүк – команданын жетекчисинин маалыматтары:




Бул жерде тилкелердин БАРДЫГЫН толтуруу керек. Жетекчинин ФАА толугу менен, инициалсыз жана кыскартуусуз толтурулушуна сөзсүз көңүл бургула. Аймакты же шаарды тандоо, почта дарегин жана уюлдук телефонду көрсөтүү.

Форманын экинчи бөлүгү – бул, табыштамаларды түздөн-түз номинациялар боюнча толтуруу.



Бул бөлүктө тизмеден номинацияларды тандап, ачылган формаларды толтуруу керек. Бирок адегенде биринчи ачылмадагы нускама менен таанышып чыгуу керек.

Турнирлерден тышкары, номинациялардагы бардык формалар, бирдей көрүнөт, жана окшош түрдөгүдөй бирдей толтурулат.

Келгиле, мисал үчүн, «Маалыматтык технологиялар жана программалоо» номинациясында формалардын толтурулушуна байкоо салып көрөлү:

Толтурулбаган форма төмөнкүдөй болот



Нускама
Жаңы теориялык иштелмелер жана моделдер
Жабдуулар, радиожабдуулар жана телекоммуникациялык системалар
Энергия жана энергия сарамжалдоочу технологиялар
Маалыматтык технологиялар жана программалоо
Робототехника жана автоматташтырылган технологиялар
Шахмат боюнча турнир
Окуучулардын астрономиялык турнири

**Маалыматтык технологиялар жана программалоо**

Долбоордун темасы
[Долбоордун темасы]

Долбоордун тибин тандаңыз (изилдөөчүлүк, илимий-техникалык же ойлоп табуучулук)
[Тандоо...]

Өнүмдүн (продукттун) түрүн тандаңыз (модель, макет, видеоролик, программа же графика)
[Тандоо...]

Негизги катышуучу: долбоордун авторунун аты жана фамилиясы (толугу менен, кыскартуусуз) жана классы
[Долбоордун авторунун аты жана фамилиясы] [Классы]

Кошумча киргизилген катышуучу №1: долбоордун авторлошунун аты жана фамилиясы(толугу менен, кыскартуусуз) жана классы
[Долбоордун авторлошунун аты жана фамилия] [Классы]

Кошумча киргизилген катышуучу №2: долбоордун авторлошунун аты жана фамилиясы(толугу менен, кыскартуусуз) жана классы
[Долбоордун авторлошунун аты жана фамилия] [Класс]

Долбоордун кыскача аннотациясы (50 Мегабайттан ашпаган MS Office файлы, PDF, RTF, TXT, ZIP, RAR, 7z)
[Обзор...] Файл не выбран.

Долбоордун презентациясы (50 Мегабайттан ашпаган MS Office файлы, PDF, RTF, TXT, ZIP, RAR, 7z)
[Обзор...] Файл не выбран.

50 Мегабайттан көбүрөөк көлөмдө болсо долбоордун презентациясына шилтеме берүү (файлдын ордун алмаштыра турганга шилтеме берүү: googleДиск, ЯндексДиск, (Булут сервиси) Облако.Mail.RU ж.б.)
[Эгер көлөмү 50 Мегабайттан ашса, файлдын ордун алмаштыра]

Бул формадагы бардык тилкелерге өзгөчө көңүл бурулушун сунуштайбыз. Адегенде долбоордун темасын көрсөтөбүз. Ал терең маани берилип, долбоордун маңызын чагылдырууга тийиш. Андан соң долбоордун туура келүүчү тибин жана продукттун түрүн тандайбыз. Милдеттүү түрдө атын жана фамилиясын, долбоордун авторунун классын көрсөтөбүз (долбоордун авторлошторун – кошумча киргизилген катышуучуларын, эгер андайлар болсо). Долбоордун аннотациясын жана презентациясын жүктөгөндү унутпаңыздар. Эгер файлдардын көлөмү 50 Мб ашпаса, анда долбоордун «Кыскача аннотациясы» «Презентациясы» тилкелерин колдонууга болот. Эгер көлөмү чоң болсо, анда файлдарды файлдын ордун алмаштыра тургандарды жайгаштырууну жана «Презентацияга шилтеме» деп көрсөтүүнү сунуштайбыз. Булут сервисине жайгаштырууда (mail.ru, gmail.com, yandex.ru ж.б.) файлдарын көчүрүп алуу үчүн «бардыгы үчүн» деген жеткиликтүүлүктү ачууну унутпаңыздар.

Толтурулган форма болжолдуу түрдө ушундайча болот:




Команда катыша турган БАРДЫК номинацияларды толтургандан кийин, туура толтурулгандыгын чымчыкча менен тастыктайбыз, «Улантуу» деп басабыз.




**Көңүл бургула!!! «Улантуу» баскычын БАРДЫК номинацияларды толтургандан кийин басабыз!**
**«Улантуу» баскычын бир жолу гана баскыла! Файлдардын жүктөлүп бүтүшүн күтүңүз!**

**№2 КАДАМ**

Экинчи кадамда башынан баштап бардык киргизилген маалыматты текшерип чыгуу сунушталат.

Биздин толтурган номинация төмөнкүдөй түрдө көрүнөт:

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Маалыматтык технологиялар жана программалоо | Энергоресурстарын көзөмөлдөө программасы | Исследовательский / Компьютерная программа | Кубанычбек Абылов | Аннотациясы.pptx (Көчүрүп алуу)<br>Программаны презентациялоо.pptx (Көчүрүп алуу) | Жаңы бетти ачуу |

Бул жерден ката же так эместигин текшеребиз: долбоордун темасын, тибине жана түрүнө дал келээрин, автордун атын жана жүктөлгөн файлдардын жана жүктөөгө шилтеменин жеткиликтүүлүгүн. Табылган каталарды ондоо үчүн «артка» шилтемесин же браузер панелинен артка баскычын баскыла. Бардык билдирүүлөрдү кунт коюп окуп чыгабыз! Бардыгы туура жана табыштамада ката жоктугуна ынангандан кийин, «Улантуу» баскычын басабыз.

**№3 КАДАМ**

Бул кадамда бизге табыштама кабыл алынып, ага номер берилгендигин билдиришет.

№3 кадам

Аяктоо

Табыштама жибергениңиз үчүн ыраазычылык билдиребиз! Ага [redacted] номери берилди. Биз аны текшерүүдөн өткөрүп, көрсөтүлгөн Email ([redacted]) дарегине тастыктаган же андан баш тартуунун себебин көрсөткөн кат жөнөтөбүз!

Дагы бир табыштама калтыруу

Болжол менен ушундай эле мазмундагы кат көрсөтүлгөн почтага жөнөтүлөт.

4) Сизге каттоонун тастыкталышын же себеби көрсөтүлгөн баш тартууну күтүү гана калат. Баш тартылган учурда, баш тартуу камтылган катта көрсөтүлгөн эскертүүлөрдү эсепке алуу менен жаңы табыштаманы жөнөтүү керек.